Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№33 [17029] ИШЕМБИ, 24/10/2026

ТАРЫХЫ ТЕРЕҢ ӨЗГӨНДҮН ШААР КҮНҮ КУТ БОЛСУН!



8-бетте

УЛУТТУК ОЮНДАРДЫН ДАҢАЗАЛУУ ЧЕБЕРИ – АШИМ УУЛУ НАМАЗБЕК



4-5-беттерде

Намысты коргой турган спортчулар даярдалат



6-бетте

Таанымал кыргыз спортчусу— Ахрор Розбаев



2-бетте

Санкт- Петербург кайрыктары



2-бетте

Сыйлоо аземи



Ош облусунда VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына активдүү катышкандарды жана социалдык-экономикалык, айыл чарба тармагында мыкты иштегендерди сыйлоо аземи өттү. Ага Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев, райондук мамлекеттик администрацияларынын башчылары-акимдердин социалдык маселелер боюнча орун басарлары, мекеме-ишканалардын өкүлдөрү жана VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына активдүү катышкан жарандар катышты.

Иш-чаранын жүрүшүндө активдүү катышуучуларга Ардак грамоталар, Ыраазычылык каттар жана акчалай сертификаттар тапшырылды. Сыйлоо төмөнкү негиздер боюнча жүргүзүлдү: VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын уюштурууга жана өткөрүүгө активдүү катышкандыгы үчүн; Ош облусунун социалдык-экономикалык өнүгүшүнө, айлана-чөйрөнү жакшыртууга, аймактарды көрктөндүрүүгө, санитардык тазалыкты сактоого жана коомдук пайдалуу иштерге активдүү катышкандыгы үчүн;Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексинин кызматкерлеринин күнүнө карата айыл чарба тармагын өнүктүрүүгө кошкон зор салымы, көп жылдык үзүрлүү эмгеги жана жогорку кесипкөйлүгү үчүн; Ош облусунун социалдык-экономикалык абалын жогорулатууга кошкон салымы жана кесиптик ишиндеги жетишкендиктери, Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 35 жылдыгына карата Ош облусунун аймагында 9 өндүрүш ишканаларын ишке берүүгө жакындан көмөк көрсөткөндүгү үчүн.

Ыйгарым укуктуу өкүл Аманкан Кенжебаев сыйлангандарды куттуктап, алардын Ош облусунун өнүгүүсүнө жана эл аралык деңгээлдеги иш-чараларды татыктуу өткөрүүгө кошкон салымдары үчүн ыраазычылык билдирди.

Даярдаган:
К.Кыдыралиева.

Санкт- Петербург кайрыктары



«Санкт - Петербург кайрыктары» поэзия кечеси жакында аталган шаарда болуп өттү. Кечеде Гүлбахар Эргешбаеванын “Ырларда менин сырларым” аттуу китебинин бет ачары сунушталды жана “Мезгил баракталары” аттуу иш-чара да жүз берди.

Белгилүү акын, жазуучу, коомдук ишмер Өктөм Мамаева, акындар Анийпа Акунбаева, Гүлбахар Эргешбаева, Самара Бакирова сыяктуу чыгармачыл адамдар мигранттык турмуш тууралуу, ата- эне менен балдардын ортосундагы сагыныч жана башка көйгөйлөр тууралуу жазылган ырларын окуп, иш-чарага катышкандар ыраазы болушту.

Поэзия кечесинде Манас айтылып, күүлөр жаңырып, катышуучулар шаңга бөлөдү. Окулган ыр саптары Кыргыз элинин улуулугун, кыргыз жеринин, Мекендин сулуулугун даңктап, иш- чарага катышкандар Ала -Тоого барып келгендей терең таасирлерди алышты.

Санкт- Петербург шаары боюнча кыргыз диаспорасынын жетекчилиги, Санкт-Петербург жана Ленинград облусунун Жазуучулар союзунун өкүлдөрү поэзия кечесин уюштургандарга ыраазычылык айтышты. Кечеде мыкты ырлардын авторлоруна сыйлыктар тапшырылды.

Өктөм Мамаева,
акын, жазуучу, Санкт-Петербург шаары.

Эл аралык академиялык иш-чара

Жакында Ош технологиялык университетинин ректору, профессор Жанболот Жанышович Турсунбаев Кытай Эл Республикасынын Хэйлунцзян провинциясында өткөн эл аралык академиялык иш-чараларга катышты.

Харбин технологиялык институтунда өткөн эл аралык жолугушууда өнөр жай технологиялары, студенттердин илимий жетишкендиктери жана университеттер аралык академиялык алмашууну өнүктүрүү маселелери талкууланды. Ал эми Ичунь шаарында уюштурулган семинарда жогорку билим берүүнү өнүктүрүү, адистерди даярдоо жана билим берүү менен өндүрүштүн байланышын чыңдоо маселелери каралды.



Иш-чаралардын жүрүшүндө эл аралык академиялык байланыштарды кеңейтүү, илимий тажрыйба алмашуу жана жогорку окуу жайлардын ортосунда биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүнө көңүл бурулду.

ОшТУнун ректорунун бул иш-чараларга катышуусу университеттин эл аралык кызматташтыгын өнүктүрүү, билим берүү жана илим тармагындагы байланыштарын чыңдоо, ошондой эле студенттер менен окутуучулар үчүн жаңы академиялык мүмкүнчүлүктөрдү түзүү багытындагы маанилүү кадам болуп саналат.

ОшТУнун басма сөз кызматы.

Спорт – ден соолуктун булагы



ОшМУнун медициналык коллежинде предметтик-циклдик комиссиялардын окутуучуларынын арасында «Спорт – ден соолуктун жана биримдиктин булагы» аттуу эстафета өттү.

Мелдешке алты команда катышып, катышуучулар шамдагайлыкты, ыкчамдыкты жана командалык иштөө жөндөмүн көрсөтүштү.

Жыйынтыгында 1-орунду акушердик жана педиатриялык дисциплиналар предметтик-циклдик комиссиясынын окутуучулары багындырды. 2-орунга фармацевтикалык дисциплиналар предметтик-циклдик комиссиясы, 3-орунга медайым ишинин негиздери предметтик-циклдик комиссиясы ээ болду. Эстафета кесиптештердин ортосундагы достукту бекемдөөгө, спортко болгон кызыгууну арттырууга багытталды.

З. Нуралиева, ОшМУнун басма сөз катчысы.


Спорт

Таанымал кыргыз спортчусу— Ахрор Розбаев

Ахрор Розбаев — Кыргызстанга эле эмес дүйнөгө таанымал спортчусу, кикбоксинг боюнча эл аралык класстагы спорт чебери, Кыргыз Республикасынын көп жолку чемпиону, Дүйнө жана Азия чемпиону, ошондой эле машыктыруучу.

60 килограммдык салмак категориясында кикбоксинг боюнча беттештерге катышкан белгилүү кыргыз спортчусу Ахрор Розбаев 2001— жылы Өзгөн районунда туулган. «Космос» спорттук клубунун тарбиялануучусу жаштайынан спортко кызыгуусу артып, кикбоксинг менген машыгып баштаган. Өзүнүн спорттогу ак мээнети менен эл аралык аренада кикбоксинг боюнча Кыргызстандын атын дүйнөгө таанытып келүүдө.

Көптөгөн профессионалдык беттешүүлөрдүн катышуучусу Ахрор Розбаев спорт айдыңында өзүнүн талыбас кайраты, зор эмгеги менен, максатына жетүүнү бийик коюп, Кыргызстандын даңкын алыска



таанытуу, Ата Мекендин Туусун дүйнөдө бийик желбиретүүгө дилгир болуп, тилегине жетти десек болот. Ал бүгүнкү күндө бир катар спорттук жетишкендиктерге ээ болду жана кыргыз элинин сыймыгы боло алды. Анын ысымын калкыбыз сыймыктануу менен айтып келет.

Ахрор кикбоксингдин К-1 багыты боюнча профессионалдар арасында жана эл аралык ареналарда (мисалы, Өзбекстанда өткөн ачык чемпионаттарда) бир нече жолу жеңүүчү болгон. Кыргызстандын ичинде да бир нече жолку чемпион болду. Ал жаштарды спортко, сергек жашоого үндөп, машыктыруучулук ишмердүүлүк менен да алектенет. Учурда ал жаш өспүрүмдөрдү, балдарды жана чондорду кикбоксинг спортуна машыктырып келет.

Ахрор 2025-жылы в Абу-Дабиде WAKO версиясында (Low Kick дисциплинасы боюнча) Дүйнөлүк чемпионатта кикбоксинг боюнча тарыхый жеңишке жетишти. Дүйнөнүн күчтүү делген спортчуларын жеңип, алтын медалды утуп, Дүйнө чемпиону болду. Буга чейин сыймыктуу спортчубуз Ахрор Өзбекстандын Фергана шаарында өткөн ачык биринчиликте алтын медалга ээ болуп, чемпион болгон.

Ахрор Розбаевдин спорттогу жетишкендиктери жогору бааланып, мамлекет тарабынан бир катар сыйлыктарга ээ болду. Атап өтсөк, КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү тарабынан Ыраазычылык каты жана акчалай сыйлыкка сертификат тапшырылды. Башка да номинацияларда мамлекеттик сыйлыктарга ээ болду. “Ош жаңырыгы” редакциясы тарабынан “Жылдын мыкты спортчусу” номинациясындагы сыйлык тапшырылган.

Сөз соңунда белгилесек, Ахрор Розбаев Кыргыз Республикасынын спортун дүйнөлүк деңгээлде таанытууга чоң салым кошкон азыркы кыргыз кикбоксингинин кеңири таанымал болгон атактуу өкүлдөрүнүн бири. Ага спорттук беттештеринде көп ийгиликтерди каалайбыз.

К.Кыдыралиева.

ШАКИРА БИШКЕКТЕ ЫРДАДЫ, МЕН МАРКЕСТИ ЭСТЕДИМ

Дүйнөгө белгилүү ырчынын адабият менен байланышы тууралуу

Фейсбукту бактап отурсам, Шакира, Шакира, дагы эле Шакира! Бирөө концерттен видео жүктөптүр, экинчиси сүрөттөрүн бөлүшүптүр. Дагы бирөөлөр билеттин баасын, концерттин кандай өткөнүн талкуулап жатышат. Көрсө, 18-октябрда, дүйнөгө белгилүү колумбиялык ырчы Кыргызстандын борбору Бишкекте концерт бериптир. Азыр өзүм чет жакта жүргөндүктөн, Кыргызстандагы мындай жаңылыктарды көбүнчө социалдык тармактардан көрүп калам. Бир чети сүйүнөсүң, бир чети ушундай кызыктуу окуяларга өзүң да катышкың келет. Айтор, видеолорду көрүп отуруп, эмнегедир Шакиранын ырлары эмес, Габриэль Гарсиа Маркес эсиме түштү.

Эмне үчүн Маркес дейсизби?

Экөө тең колумбиялык экенин билебиз. Бирок, алардын ортосундагы достук, чыгармачылык байланыш тууралуу көпчүлүк биле бербесе керек. Анын үстүнө, Шакиранын адабиятка болгон кызыгуусу Маркес менен таанышкандан кыйла мурда башталган экен.

Көрсө, Шакира төрт жашында эле «Биллур роза» («La rosa de cristal») деген алгачкы ырын жазыптыр. Атасы Уильям Мебарак өзү да жазуучулукка жакын адам болгон. Кызы атасынын жазуу машинкасынын алдында отурганын көрүп чоңоёт. Кийин жети жашында өзүнө да жазуу машинкасы белекке берилет. Ошентип, алгач кагазга түшкөн ыр саптары бара-бара обон менен айкалышып, анын келечектеги чыгармачылыгына жол ачкан.

Мага ушул жагы кызык көрүндү. Биз Шакираны көбүнчө сахнадагы бийи, өзгөчө үнү, дүйнөнү дүңгүрөткөн ырлары аркылуу тааныйбыз. Ал эми анын чыгармачылык жолу обондон мурда кагазга түшкөн сөздөрдөн башталганын анча деле ойлобойбуз. Чынында, ыр жазган адам менен көркөм чыгарма жазган адамдын ортосунда жалпылык көп эмеспи. Экөө тең сөз тандайт, керексизин чийет, бир сүйлөмгө же бир сапка көпкө чейин убара болот.

Эми Маркеске келели

1999-жылы Габриэль Гарсиа Маркес ошол кезде жыйырма эки жаштагы Шакира тууралуу «Cambio» журналына очерк жазган. Ал кезде Маркес Нобель сыйлыгын алган, дүйнөгө эбак таанылган жазуучу болчу. Шакира болсо Латын Америкасында белгилүү болуп, эл аралык чоң сахнага жаңыдан кадам таштап жаткан.

Кызыгы, Маркес аны жөн эле атактуу ырчы катары сүрөттөгөн эмес. Жаштыгына карабай өз ишине болгон жоопкерчилигин, чыгармачылык өзгөчөлүгүн, мүнөзүн байкаган. Анын музыкасы эч кимдикине окшобой турганын белгилеген. Жазуучу Шакиранын сахнадагы көрүнүшүнөн тышкары, ыр жазуу жана аткаруу ишине канчалык олуттуу мамиле кыларын да көрсөтүүгө аракеттенген.



Шакира кийин ошол жолугушууну бир нече жолу эстеген. Анын айтымында, Маркес менен таанышкандан кийин экөөнүн ортосунда жакын достук жаралган. Жазуучунун жөнөкөйлүгүн, тамашакөйлүгүн, адамдарга болгон кызыгуусун өзгөчө баалаган.

Бир маегинде ал Маркестин өзүнө айткан кызык сөзүн да эскерет. Жазуучу андан бир окуя айтып берүүнү сураганда, Шакира эмнени айтарын билбей калат. Ошондо Маркес тамашалап: «Өзүң айтып бербесең, мен ойлоп табам», — деген экен.

Койчу эми, мындай сөз Маркестен башка кимдин оозунан чыкмак эле! Анын чыгармаларын окуган адам бул тамашанын артында кандай мүнөз жатканын түшүнсө керек. Ал күнүмдүк турмуштагы жөнөкөй окуядан деле укмуштуудай баян жарата алган жазуучу эмеспи.

Шакира Маркестин чыгармаларын да жакшы билген. 2007-жылы TIME журналына берген маегинде анын эң жакшы көргөн китептери катары «Жүз жылдык жалгыздык» («Сто лет одиночества») жана «Холера маалындагы сүйүү» («Любовь во время чумы») романдарын атаган. Анын пикиринде, Маркес Колумбиянын турмушун, карама-каршылыктарын, кереметтүү дүйнөсүн жана поэзиясын өз чыгармаларында өзгөчө таасын берген.

Бул эки романды окугандар Маркестин дүйнөсү кандай экенин жакшы билишет. «Жүз жылдык жалгыздыктагы» Макондо, Буэндиалардын үй-бүлөсү, адамдын эс тутуму менен унутчаактыгы, улам кайталанган тагдырлар... Ал эми «Холера маалындагы сүйүүдө» Флорентино Ариса менен Фермина Дасанын мамилеси, күтүү, карылык, сүйүүнүн адамды канчалык өзгөртүшү мүмкүн экени баяндалат.

Баса, орусча аталышындагы «чума» деген сөзгө байланыштуу бир нерсени тактай кетейин. Романдын испан тилиндеги түпнускасында colera, башкача айтканда, холера оорусу жөнүндө айтылат. Ошондуктан кыргызча «Холера маалындагы сүйүү» деп берген тууралаак болот.

Бирок, Маркес менен Шакиранын чыгармачылык байланышы китеп окуу, маектешүү менен эле бүтпөйт.

2007-жылы «Холера маалындагы сүйүү» романынын негизинде кино тартылганда, Шакира фильм үчүн «Hay Amores» («Ар кандай сүйүүлөр болот») жана «Despedida» («Коштошуу») аттуу эки ыр жазган. Ырчынын өзү бул ишти чоң сыймык катары эскерген. Анткени анын досу, өзү жакшы көргөн жазуучунун чыгармасы эми кино аркылуу башкача өмүр сүрүп жаткан эле.

Мага ушул чыгармачылык жолугушуу өзгөчө жагат. Бирөө роман жазат. Арадан жылдар өтүп, ошол чыгарма фильмге айланат. Дагы бир өнөр адамы анын окуясынан таасирленип, ыр жаратат. Натыйжада бир эле чыгарма окурманга китеп, көрүүчүгө кино, угарманга музыка аркылуу жетет.

Адабияттын мүмкүнчүлүгү ушунчалык кең экенин кээде өзүбүз деле унутуп коёбуз.

Андан да кызыгы, Шакиранын адабиятка болгон мамилеси өткөн күндөрдөгү эскерүү бойдон калган эмес. Быйыл анын Мадриддеги концерттеринин айланасында «ES LATINA» аттуу чоң маданий долбоор уюштурулуп, ага адабият да кошулган. Penguin Random House басма тобу бул иш-чара үчүн атайын китепкана, окуу клубу жана жазуучулар менен жолугушууларды камтыган программа даярдаган.

Долбоордо Маркестин Макондосу да өзгөчө орун алган. «Жүз жылдык жалгыздыктын» негизинде үн менен баяндалган көркөм тажрыйба сунушталып, окурмандарга латынамерикалык адабияттын ар кандай чыгармалары тааныштырылган.

Китеп тандоосунда Маркестен тышкары Исабель Альенденин «Арбактар үйү» («Дом духов»), Лаура Рестрепонун «Делирий» («Делирио») романдары, Роальд Далдын «Матильдасы» да бар.

Мына ушундай демилгелер мага жагат. Эл концертке музыка угуу үчүн келет. Ошол эле жерде мурда атын укпаган жазуучу менен таанышып, бир китепке кызыгып калышы мүмкүн. Анан үйүнө барып, балким, ошол чыгарманы издеп окуйт.

Албетте, концертке келген адамдын баары эле эртеси Маркестин романын колуна алып отуруп калбайт. Андай талап да жок. Бирок, миндеген күйөрман чогулган жерде адабиятка да орун табылганынын өзү жакшы көрүнүш.

Ушуларды ойлоп отуруп, Бишкектеги концертке кайра кайрылдым. Шакиранын Кыргызстанга келиши жөн гана чоң музыкалык окуя эмес, ушундай кызыктуу адабий байланыштарды эстөөгө да себеп болду. Анын үстүнө, биздин өлкөдө дүйнөлүк маданияттын ар кандай өкүлдөрү келип, өз өнөрүн көрсөтүп жатканы кубандырат.

Мен концертте болгон жокмун. Кантип өткөнүн Фейсбуктагы видеолордон, элдин бөлүшкөндөрүнөн гана көрдүм. Ошон үчүн сахнанын көркүн, элдин маанайын өз көзүм менен көргөндөй сүрөттөп отургум келбейт. Анын ордуна ырчынын адабият менен байланышы тууралуу өзүмө кызык болгон маалыматтарды бөлүшүүнү туура көрдүм.

Дегеле, дүйнөгө белгилүү ырчылар тууралуу сөз болгондо алардын концертин, кийген кийимин, жеке турмушун көбүрөөк талкуулайбыз. Ал эми кандай китеп окуй турганына, кимдерден таасир алганына, ырларынын текстин кантип жазарына анчалык кызыга бербейбиз. Чынында, бул жагы деле кем эмес кызыктуу го.

Шакиранын Маркес менен достугу мага ушул жагынан маанилүү көрүнөт. Экөө эки башка өнөрдүн өкүлү болгон. Бирок, экөөнүн тең чыгармачылыгында өз мекенинин тили, турмушу, элдик маданияты өз ордун тапкан.

Бишкектеги концерт тууралуу видеолорду көрүп отуруп, Маркеске кайрылып кеткенимдин себеби ушул экен.

Эми ким билет, кечээ Шакиранын ырларын угуп сүйүнгөндөрдүн арасында бүгүн «Жүз жылдык жалгыздыкты» бактап отургандар да бардыр. Болбосо ушул макаланы окугандан кийин кызыгып калар.

Музыкадан китепке жетүүнүн да өзүнчө кызыгы бар эмеспи.

Мухаммадамин Хожакбаров,
Россия, Ярославль шаары.

Спорт

КАРА-КУЛЖАДА СПОРТ, ДЕНЕ ТАРБИЯ КӨҢҮЛ БОРБОРУНДА

Кийинки учурларда райондун аймагында спорт жана дене тарбия иштерине зор көңүл бурулуп келүүдө. Анткени райондун аймагындагы баардык айылдарда спорттук объектилерди көздүн карегиндей сактоого жана аны курууга эң жакшы көңүл бурулуп келүүдө. Элдин жана айылдардан чыккан кол жалап калган ууддарынын каржылык көмөктөрү көпчүлүк шартта спорт багытына бурулуп жатканы жакшы көрүнүш эмей эмине.

Муну айылдардагы жергиликтүү эл да кызуу колдоого алганы ошондой эле каржылык жактан колдогону спорттун жер жерлердеги, анан калса бийик тоолордун кучагында жайгашкан айылдарда да жүз бериши жакшы саамалык. Атап алганда кичи футболдук аянттар айылдардын бири бирине улай эле курулуп жаткандыгын көрүүгө болот. Мындай көрүнүштү Кара-Кулжа районундагы Рысбай Абдыкадыров айыл аймагындагы кичи футболдук аянтчалардын курулушунун жүз беришинен байкоо кыйын эмес.

Атап алганда айыл аймагынын Ибрайим Орозалиев мектебинин спорттук аянтчасына курулган футболдук спорт аянтчасы жана жакында эле аты ыйгарылган Тойчу Кармышаков атындагы мектептеги ушундай эле футболдук кичи аянтчанын курулганы айыл тургундарынын жана жаштарынын сүйүктүү жайына айланганы сыймактанууга тете көрүнүш.

Азыркы учурда жаштар бош убактыларын текке кетирбей, курулган спорттук аянтчаларда ден соолугун чыңдоо менен дене тарбиялык иш-чараларды өткөрүп келишет. Аталган айыл аймагындагы мектептердин дээрлик бардыгында кышкы жана жайкы спорттук иш-чараларды өткөрүүгө шарттар бар. Ушундай эле көрүнүштөр азыркы учурда райондун бардык айылдарында жүз берди десек болчуудай.

М. Осмонов.



УЛУТТУК ОЮНДАРДЫН ДАҢАЗАЛУУ

Биз азыр классташ досубуз, чыныгы эмгек адамы, мээнеткеч, улуттук оюндардын накта күйөрманы, даңазалуу балбан – күрөш, эңиш, улак тартыш боюнча атагы чыккан, Кара-Кулжа районунун, Ош облусунун, республиканын эңиш, эр оодарыш, күрөш, көк бөрү, аламан улак боюнча курама командаларынын мүчөсү, бир катар ири расмий мааракелерде, республикалык спартакиадаларда, аш-тойлордо баш байгенин, байгелүү орундардын ээси болгон инсан – Артыков Намазбек Ашимович тууралуу сөз кылабыз.



Биз билген Намазбек

Досубуз өмүр бою, элет жеринде эмгектенип, эмгегинин үзүрүн көрүп, баар таап, өзүнүн кыска, нуска, өрнөктүү, байсалдуу эмгек жолунда ата-бабалардын таалим-тарбиясын урматтаган, наркын, салтын сактаган, ак эмгекти барктаган, адамгерчиликти даңктаган, акыйкатты жактаган, калыстыктан кайтпаган, журт ишенимин актаган, куру убада айтпаган, элге кадыры сиңип, кызматы өтүп, нускалуу өмүр сүргөн адам, жөнөкөй инсан катары эсибизде калды.

Намазбектин кыскача өмүр таржымалы: 1961-жылдын 10-мартында туулган, 1969-1979-жылдары “Ленинчил-Жаш” орто мектебинде окуган, 1979-1981-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн, 1982-1986-жылдары Жалал-Абад зооветеринардык техникумунан сырттан окуп билим алган. Баса, дал ошол 1982-жылы кайра эле классташыбыз Анарбүгө үйлөнгөн. Зооветеринардык окуу жайды аяктагандан баштап өмүрүнүн акырына чейин айыл, мал-чарбасында, Карл Маркс атындагы колхоздо зоотехник катары колхоз тарагыча, андан кийин элет жердеги чарбада тынымсыз эмгектенип, 2016-жылы 10-февралда жарык дүйнөдөн өткөн. Ошол Намаз досубуз тууралуу азыноолак кеп кылгыбыз келди.



Биздин классташтардын ичинен элге, журтка бизден эртерээк таанылганы, классташыбыз Артыков Намазбек Ашимович болду. Анткени орто мектепти бүтүп, армияда кызмат өтөп келгенден кийин, бизге салыштырганда эрте үйлөнүп, бала-чакалуу болуп, элет жеринде калып, ата жолун улап, айыл чарба жаатында жаштайынан эмгектенди.

Улуттук спорт – анын сыймыгы эле

Намаздын бир өзгөчөлүгү – жаштайынан кыргыз элинин улуттук оюндарына кызыгып, эңиш, күрөш, эр оодарыш, көк бөрү, аламан улак тартышка шыктуулугу, жөндөмдүүлүгү болду. Классташыбыз жаш кезинен эле улуттук оюндарыбыздын чыныгы күйөрманы, даңазалоочусу жана аны алып жүрүүчүсү катары таанымал болуп, элге тез алынып кетти. Дал ошол кыргыздын улуттук - күрөш, эңиш, эр оодарыш жана улак тартыш, аламан улак сыяктуу оюндарында өзүнүн зор күчүн, балбандыгын шамдагайлыгын, ыкчамдыгын, кармаган жерин бекеринен коё бербегендиги, темирдей катуу колдору, булчуң эттери жана эрктүүлүгүн көрсөтүп, кадыр-баркка жетти.

Намаз пир туткан, өз дараметине жараша салымын кошкон, жыл өткөн сайын эл арасында популярдуу болуп бара жаткан, кыргыз элинин канында, тарыхынын катмарында калган улуттук оюндар болду. Анын даңкын чыгарып, баркын көтөргөн, бул – күрөш болду. Атаандашын ыктуулук менен жерге жыгуу – бул чыныгы балбандын, баатырдын белгиси эмеспи.

Биздин Намаз досубуз улуттук спорт оюндарында өз өнөрүн, чеберчилигин көрсөтүп, эл оозуна алынып, кадыры сиңип, көпчүлүккө, айрыкча жаш муундарга үлгү болду. Маалым болгондой, ар бир улуттук оюндун артында кылымдар бою калыптанган тарых, элдин руханий дөөлөтү жатат. Намаз дал ошол мураста-



6-класстагы кезибиз, солдон биринчи турган узун бойлуу Намазбек, ондон 5-турган мен, класс жетекчибиз Догдурбек агай, мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Томан агай

рыбызды, дөөлөттөрүбүздү даңазалап, туу тутуп, кастарлап өткөн инсан болду десек жаңылышпайбыз.

Жаш кезинде, жаңыдан элге алынып жатканда, ошол өз айылындагы Кыргызстан, Казахстан, Өзбекстанга даңкы чыккан атактуу Төрөбек балбан, анын ондогон шакирттерин эңиштен, күрөштөн, улак тартыштан жеңген Намазга ак батасын берип, шыдыр жол каалап, жылуу тилектерин айткан экен. Муну өзү эле жаш балбанды улуттук оюндарыбыздын дагы жаңы жетишкендиктерине зор шык берип, зоболсун арттырган. Баса, дал ошол элге тааныла баштаганда, Намаздын кара күчү, балбандыгы, ат үстүндөгү чеберчилиги, шамдагайлыгы боюнча бабасы Болбурду жана таятасы Парманды тартканы эл арасында көп айтылып калчу.

Намаздын аты тез эле элге алынып, анын ысымы айылдарга, райондорго, облустарга жана республикага даңазаланып, көптөгөн мелдештерде, мааракелерде, өзү сыяктуу балбандардын үстүнөн жеңишке жетип жүргөнү биз үчүн чоң сыймык болчу. Ал алгач райондо, анан облуста аты чыга баштагандан тартып, республикалык деңгээлдеги мелдештерге, спартакиадаларга спорттук иш чараларга катыша баштады. Эң алгачкы жеңиштери Кара-Кулжада, Алайда, Аксыда, кийинчерээк Таласта, “Манас” эпосунун миң жылдык мааракесинде болду.

Жеңиштердин жемиши

Залкар төкмө акын жана ойчул Барпы Алыкуловдун 110 жылдык мааракеси 1992-жылы мамлекеттик деңгээлде Сузакта, Барпыда кеңири белгиленген. Дал ошол жердеги мааракеге кыргыз элинин аттуу-баштуу акындары, өнөрпоздору элибиздин наркнасилин, Барпы акынды даңазалашкан. Ошол мааракеде улуттук оюндарыбыз боюнча кыйындар, балбандар арасында курч атаандаштыкта мелдештер, спорттук оюндар өткөрүлгөн. Күчүнө толуп турган Намаз балбан да таймаштарга катышып, улуттук оюндардан эңиш, эр оодарыш, улактан биринчи орунду камсыз кылып, жеңиш менен кайткан. Ошол жакта жүргөндө төрөлгөн баласын ырым кылып Жеңишбек деп коюшканын, улуу уулу Жоодарбек жана туугандары арасында айтылып жүрөт.

Ал эми 1995-жылы Таласта өткөн “Манас” эпосунун 1000 жылдык мааракеси Намаздын жылдызын ачты. Дал ошол мааракедеги республикалык улуттук оюндар боюнча мелдеште Намаз экинчи орунду ээлеген, а чынында биринчи орунга толук татыктуу болчу дешет кошо баргандар, көргөн-билгендер. Бирок ал өзүнөн жашы улуу, атактуу Абдрахман балбандын жашын сыйлап, чемпиондук наамды ага утулуп берип койгону, өзү 2-орунга ыраазы болгону, анын кара күчкө таянган, күч атасын тааныбаган спортсмен эле эмес, дал ошол спортто да улууну урматтаган, кичүүгө сый мамиле кылган Намаздын адамгерчилик улуу сапатын билдирип турат.



Күрөштө болобу, улакта болобу же эңиште болобу Намаз чечкиндүү, күчтүү, намыстуу кармашы жана туруктуулугу менен атаандаштарын таң калтырып, тан бердирчү экен. Анын мындай мыкты сапаттары, жетишкендиктери тууралуу бир катар элге таанымал балбандар, кадыры сиңген инсандар көп эскеришчү. Мисалы, Намаз менен ар кайсы мааракелерде, аш-тойлордо күч сынашкан, дээрлик баарын жеңген досубуз тууралуу алайлык балбан Төлөгөн, Ноокаттык балбан Абсалам, Нарындык балбан Дурус, Таластык балбан Абдрахман, Кара-Кулжалык Болот, үзөңгүлөш достору, агалары, айтылуу чабандестер Замирбек Майлубашев, Мамарасул, Айдар балбандар, Замирбек Турганбаев, Чыныбек Мамбетов, Аскербек Майлубашев ж.б. жылуу пикирлери, балбандык касиетине суктанышканы эл арасында айтылып жүрөт.

Улуттук спорттогу улуттук адеп

Намаз өзү катышкан улуттук оюндарда эч качан жеңилип калган тарапты басмырлап, кээ бирөөлөргө окшоп, башынан аттаган эмес экен. Бул анын адамгерчилигин, адилеттигин, улуттук оюндун наркын, баркын, тартибин бекем сактаганы тууралуу кабар берет.

Аскербек досубуз Намаздын дагы бир окуясын көп айтат. Бир жолу Ошко анын үйүнө келген Намаз экөө сыртка чыкса, бир “Нива” машинасы чоң жолдун четиндеги чоң арыкка-лотокко түшүп кетип чыга албай жаткан болот. Жардам сураган жигиттерге макул болгон Намаз негизинен өзү, Аскербек колдоп машинаны арыктан-лотоктон көтөрүп чыгып койгонун, ага айланадагылар тан бергенин эмдигиче айтып жүрөт.

Намаз өз убагында күрөштөгү, улак тартыштагы, эңиштеги, ат үстүндөгү чеберчилиги, эрдиги, эпчилдиги жана тайманбастыгы, тартынбастыгы менен көпчүлүктүн ыраазычылыгын алган. Жогоруда аталган улуттук оюндардын баары эр жүрөк, күчтүү, чыдамкай жигиттерге таандык мүнөз болгону баарыбызга маалым. Өкүнүчтүүсү бул өнөрлөрү, шыгы, таланттары биз менен чогуу өсүп, окуган, Намаздын тага журту болгон Чалма айылында эмес, чоңойгондо келген ата-журту Ылай-Талаа айылында ачылганы, элге-журтка токбай-талаалык эмес, ылай-талаалык болуп аты чыкканы болду.

ЧЕБЕРИ – АШИМ УУЛУ НАМАЗБЕК



Бала чакта биз негедир Намазды чалмалык, Кадырмамат абанын баласы деп эле, бала кыял менен жүрүппүз, көп убак. Көрсө Намаз Чалмага жээн болот экен, атасы биз билген Чалмадагы Кадырмамат аба эмес, ылай-талаалык Ашим аксакал тура. Болгону Намаз жаштайынан Чалмада тага журтунда жүрүп, биз менен бирге чоңоюп калган экен. Кийин билсек, Намаздын дагы 6 бир тууганы бар экен. Алар - Жамилакан, Үсөн, Пайизбек, Жаннат, Манас, Бактыгүл. Булардын баары турмушта, жашоодо өз орундарын таап, бала-чакалуу болуп, улуулары небере, чебере көрүп калышты.

Жаш кезибизде анча маани берген эмес экенбиз, кийин токтонуп калганда баамдасак, биздин Намаз классташыбыз өзүнүн карандай күчү, алп денеси, тартынбастыгы, шамдагайлыгы, тайманбастыгы, намыстуулугу менен күрөш, эңиш, эр оодарыш, улак тартыш сыяктуу кыргыздын байыркы улуттук оюндарын кылдаттык менен аткарып, жүзөгө ашырып тез эле элге таанылып, олуттуу мааракелерде байгелүү орундарды ээлеп жүргөн балбан жигит болуптур.



Намазбек менен Анарбү ылай-талаалык достору менен

Улуттук оюндарыбыздагы жетишкендиктери жөн гана спорттогу жетишкендик эмес. Бул Намаз досубуздун ата-бабалардан калган улуттук мурасты сактоо, кыргыз жигитине мүнөздүү чапчаңдыкты, эр жүрөктүүлүктү, намысты бекем тутуу жана ошол салттуу мурастарды кийинки муунга өткөрүп берүү аракетинде болгону болду. Класташыбыз Намаз ар дайым жердеби же ат үстүндө болобу дайыма, күч-кубаттуу, бараандуу жана сүрдүү, мелдештерде намыстуу болуп элдин алкоосуна жетишти.

Намаздын дагы бир окуясын көпчүлүк аңыз кеп кылып айтып жүрүшөт. Улуттук оюндардан башка Намаз аңчылыкка да кызыкчу экен. Аңчылыкка мыйзамдуу түрдө Суу-Башы, Кулун көлү жакка барып, эс алышчу дешет. Бир жолу аңчылыкка чыгышып, аска-зоо арасынан торпоктон чоңураак кулжаны атып алышып, кантип алып кетээрин билбей турушса, Намаз өзү эле, 120 килограммдан ашык кулжаны, желкеге салып көтөрүп, ат байлаган узак жерге алып келип таштап койгон дешет, аны менен кошо барган мергенчилер. Бул ушундан билгиле, балдарынын айтуусунда, бир да жолу атайылап сүрөткө түшпөптүр, ушул макала үчүн паспорттогу сүрөтүн зорго таптык. Ошентип, Намаз өз ийгиликтери менен класташтардын, эли-журтунун сыймыгы болуп кала берди.

Намаз улуттук оюндарыбызды кастарлап мамиле кылуу менен чектелбестен, аларды жаш муундарга жайылтып, улуттук өзгөчөлүгүбүздү, салт-санаабызды, адаттарыбызды улантууга чоң салым кошконун, эл-жердин намысын коргоп, спорттук тарбиясы жана адептүүлүгү менен да үлгү болгонун белгилей кетели. Намаз ар дайым атаандаштарына да урмат менен мамиле кылып, жеңишке жеткенине текеберленбей, жеңилүүнү да кадырлай билген саналуу оюнчулардын бири болгонун көпчүлүк баамдап, баалап келген.

Үй-бүлөсү тууралуу учкай кеп

Биздин досубуз Намазбек менен да, аяшыбыз Анарбү менен да класташпыз. 1969-жылы 3 класста 65 балдар, кыздар 1-класстан баштап, 1979-жылы онунчу классты 71 класташ “Ленинчил жаш” орто мектебин бүтүрдүк. Он жыл мектепте окуган учурубузда айылыбыздын сыймыгы, урматы болгон Үкүш, Капар, Пайзилда, Сайдирахман, Абдымомун, Таабалды, Догдурбек, Эргешбай, Муса, Макенбай, Жээнбек, Абжапар, Назирбай агайлар, Сарабү, Баарикан, Дарика, Үрүят, Айнакан, Төпөкан, Асел, Токтогүл, Зулфия сыяктуу ж.б. аттуу-баштуу агай эжекелердин таасын тарбиясын алдык. Биз өмүр бою ошолорго таазим кылып, аалам-га жолду дал ошол биздин айылдан, биздин мектептен бизге ачып койгондору үчүн алкыш айтып, дайыма сый-урмат менен аларды эстеп келебиз.

Биздин бала чак, мектептин жогорку класстарына баргандан баштап колхозубуздун чөп чабуусуна, кышында койчулардын короо-сарайларын тазалоого кол кабыш кылуу, көптөгөн класташтарыбыз жазында сакман баккан ата-энесине жардам берүү менен коштолду. Мындай учурларда Намаздай мээнеткеч, талыкпай, чарчаганды билбей эч кимибиз эмгектенбейт элек. Көрсө Намаз жаштайынан эле ар түрдүү үй, чарба жумушуна бышкан экен. Биз 6-7-8-9-10-класстарда “Ленинчил жаш” колхозунун чөп чабуу, тоют даярдоо компаниясына активдүү катышып, чөмөлөк жасадык. 9-10-класста кадимки чоң кишилердей эле чапкы чаап, колхоздун тоют камдоосуна жардам кылдык.

Баса, 7-класстан баштап Кара-Суу районунун колхоздорунун пахтасын терүүгө барат элек. Күнүнө 60-70-80 килого чейин пахта тердик. Ар жылы пахта теримде балдардан Намаз, кыздардан Анарбү айырмаланып, көп пахта терип, дайыма алкоого татышчу эле.



Ортодогу Намазбек, оң жактагы анын үзөңгүлөш агасы, өнөктөшү, атактуу чабандес Замирбек Майлубашов, сол жактагы үзөңгүлөш чабандес досу, тууганы Аскербек Майлубашов

Заман өзгөрүп, жашоонун нугу бурулганда, бир топ классташтарыбыз өз заманынын талабына жараша жеке ишкерлер, коммерсанттар жана бизнесмендер болуп чыгышты. Азыр баарыбыз чоң ата, чоң эне, таята, тайэне болуп, небереле-рдин ырахатын көрүп жатабыз.

Булардын ичинен классташтарыбыз Намазды, анын түбөлүк жары болгон Анарбүнү алардын жашоодогу жөнөкөйлүгү, адамгерчилиги, сыйкорлугу, меймандостугу, тууганчылдыгы, улууга урмат, кичүүгө сый мамиле кылуусу, уул-кыздарына татыктуу тарбия берип, уучтары узарып, элге-журтака таанылганы айырмалап тураарын да баса белгилей кетели. Намаз менен Анарбү, мектептен кийин да, 1982-жылдан баштап, өмүр жолдорун бирге кол кармашып басышканы, бир чети таң калтырат, бир чети суктандырат. Таң калтырганы он жыл чогуу окуп, бири-биринен чарчап-чаалыкпай, тескерисинче камыр-жумур болуп, ынтымак-ырашкерлүү үй-бүлө куруп кеткени болду. Суктандырганы классташ болуп туруп үлгүлүү үй-бүлө түзүп, ынтымактуу жашап, өздүрүнүн жөнөкөйлүгү, адамгерчилиги, досчулдугу, тууганчылдыгы, улууга урмат, кичүүгө сый мамилелери, каттоого бекемдиги менен башка үй-бүлөөлөргө үлгү болгону болду.



9-класстын жазы, Намазбек ортодо турат

Орто мектепти бүткөндөн кийин көп жыл жолугушпай кеттик, бир жагы жигиттер Советтик Армиянын катарына кызмат өтөөгө, андан ары окууга кеттик, кыздарыбыздын көбү турмушка чыгышып, башка жактарга кетишти. Экинчи жагы, Намаз менен Анарбү Чалмада эмес, Ылай-Талаада жашап, эмгектенип, бала чакалуу болушту. Негизи Намаз менен Анарбү 2 уул, 2 кыздуу, 14 неберелүү болушту. Чоң уулу Жоодарбек, келини Жанаргүл – небереле-ри Айжаркын, Асема, Арсел, Рамазан. Экинчи кызы Чолпонай, күйөө баласы Эржигит – небереле-ри Арслан, Малика, Эргазы, Алинур. Үчүнчү уулу Женишбек, келини Кундузкан – небереле-ри Ариет, Айсултан, Жасмина, Медина. Кенже кызы Айгерим, күйөө баласы Нуржигит – Алфия, Айлин.

Учурда Намазбек менен Анарбүнүн уул-кыздары ар кимиси турмуштан орундарын таап, бала-чакалуу болуп, турмуш жолун улантууда. Булардын төрүнүн көркү болуп биздин класстаташыбыз Анарбү отурат. Бар бол, Анарбү!

Абытов Байболот Капарович,
тарых илимдеринин доктору, профессор,
Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн Эмгек сиңирген кызматкери,
Россия табигый илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти.

Намысты коргой турган спортчулар даярдалат

Алай райондук балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинин негизги максаты—жаш муунду спортко тартуу, алардын ден-соолугун чыңдоо, спорттук жөндөмүн өстүрүү жана райондун намысын коргой турган мыкты спортчуларды даярдоо. Учурда 52 тайпа 578 окуучу анын ичинен 453 бала, 125 кыз тарбияланууда. Спорттук мектепте 31 машыктыруучу окуу-машыгуу иштерин жүргүзүүдө. Мында спорттун 10 түрүнөн: волейбол, футбол, грек-рим күрөшү, эркин күрөш, жеңил атлетика, шахмат жана улуттук күрөш, тогуз коргоол, самбо, ордо боюнча окуу-машыгуулар жүргүзүлүп, спортчулар ар кандай деңгээлдеги мелдештерге катышып келишет. Биздин кабарчыбыз жакында аталган балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинин директору, Кыргыз Республикасынын билим берүү, дене тарбия жана спорттун отличниги төш белгилеринин ээси Нурлан Асилбекович Мамытовго жолугуп, аны менен маектешип кайткан.

-Нурлан Асилбекович, акыркы жылдары Кыргыз Республикасынын Президентинин спорт тармагына өзгөчө көңүл буруп жаткандыгы баарыбызга маалым. Ал алыскы Алай районунда сезилип жатабы?

- Албетте, мамлекет башчысы Садыр Жапаровдун дене тарбияны жана спортту өнүктүрүүгө багытталган көрсөтмөлөрү бизге дем-күч берип жатат. Райондук мамлекеттик администрациясынын тапшырмасы менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана тиешелүү мекемелер тарабынан спорттук инфраструктураны өнүктүрүү, балдарды жана жаштарды спортко тартуу багытында иштер улантылып келет. Спорттук залдардын, аянтчалардын жана машыгууга ылайыктуу жайлардын болушу жаш спортчулардын чеберчилигин жогорулатууга чоң шарт түзөт. Райондун бир катар айылдарында спорттук залдар, аянтчалар курулууда.

Биздин мектеп жөндөмдүү баланын спорт менен машыгууга мүмкүнчүлүк түзүү, анын талантын ачуу багытында иш алып барууда.

- Үстүбүздөгү жылы спорт мектебинин жана райондун деңгээлинде бир топ иш-чаралар өткөрүлгөн болчу, аны башынан баштап айтып берсеңиз?

-Жакшы болот, 2026-жылдын 10-11-февраль күндөрү Алымбек Датка атындагы спорт комплексте Т.Аданбаевдин байгесине арналган волейбол оюну боюнча кыздар арасында ачык биринчилик өтүп, анда 1-орунду Өзгөн, 2-орунду Ноокат, 3-орунду Алай району ээледи. 31-март күнү балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинин арасында волейбол боюнча биринчилик уюштурулуп, ага 8 команда катышты. 4-апрелде волейбол оюну боюнча кыздар арасында биринчилик болуп, ага 6 команда катышты. Ошол күнү грек-рим күрөшү боюнча да биринчилик уюштурулуп, ага жүздөн ашык жаш спортчулар катышты. 15-апрель күнү жеңил атлетика боюнча Абдыразаков Нышанбайдын байгеси өткөрүлүп, ага райондогу жалпы мектеп окуучуларынан 200дөн ашык спортчулар катышты.

Быйылкы жылы 28-апрель күнү Ош облусунун жеңил атлетика боюнча биринчилиги Гүлчө шаардык борбордук стадионунда өткөрүлдү. Мелдешке облустук спорттук мектептерден 300дөн ашык спортчу катышты. 20-майда эркин күрөш, 23-майда грекрим күрөшү боюнча ата-энелер кубогу биринчилик өткөрүлдү. 26-май күнү футбол боюнча биринчилик уюштурулуп, ага 7 команда катышты. Женүүчүлөргө балдар-өспүрүмдөр спорттук мектеби тарабынан диплом, медаль, кубоктор тапшырылды.

-Облустук мелдештерге катышкан жаш спортмендер тууралуу маалымат бере кетсеңиз?

-Быйылкы жылдын 20-21-январда грекрим күрөшү боюнча Ош облусунун тандоо мелдешине катышкан 71 кг салмактагы Абдазов Актан, 45 кг салмактагы Касымбеков



Алай райондук балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинин директору Нурлан Мамытов

Даниел жана 60 кг салмактагы Жумалиев Бекжан- I, 55 кг салмактагы Памиров Ариет - III, 30-31-январдагы Ош облусунун кубогунда Токонов Салман, Бектурсунов Байгелди, Жетимишов Улукман Акылбеков Кутмандар-I, Акмурзаев Арноо, Нушов Умар, Балтабаев Барсбек II, Абдыраев Амир менен Жаныбаев Нуриман III орунду ээлеп кайтышты.

9-февралда тогуз коргоол оюну боюнча Ош облусунун биринчилиги (Кыргыз Республикасынын биринчилигине тандоо мелдеши) өткөрүлүп, анда кыздар командасы үчүнчү, балдар командасы төртүнчү орунду камсыздап кайтышкан. 14-февраль күнү эркин күрөш боюнча Кара-Суу шаарында 2010-2017-жылдардын аралыгында туулган өспүрүмдөрдүн арасында өткөрүлгөн турнирде 51 кг салмактагы Сүйөркулов





Бекзат менен 55 кг салмактагы Бактыбеков Алинур экинчи, 55 кг салмактагы Максутов Абубакир 3-орунду багындырып келишти. 26-27-февралда болуп өткөн грек-рим күрөшү боюнча Ош облусунун биринчилигинде Өмүрзаков Адахан менен Токтосунов Актилек I, Токторбаев Бектур, Жунушов Умар, Балтабаев Барсбек, Абдыраев Амир, Рысбеков Сабыр, Адишов Мирхат III орунга чыгышты. 6-7-март күндөрү өткөн грек-рим күрөшү боюнча U-12 Ош облусунун биринчилигинде Бектурсунов Байгелди, Токторбаев Нурмухаммед, Орозалиев Алмамбет биринчи, Токонов Салман экинчи, Абдумажитов Дауд, Жаныбаев Нуриман жана Иманкулов Саид үчүнчү орунду ээлеп кайтышты.

12-13-мартта Араванда балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинин арасында волейбол оюну боюнча биринчилик уюштурулуп, анда биздин балдар 2-орунга чыгышкан. 2-9-10-мартта болгон кыздар күрөшү боюнча Ош шаарынын биринчилигинде Кулжигитова Мэдина менен Шербаева Жасмина экинчи, Сабиралиева Бурулай, Муктарбекова Арууке, Авазбекова Мавлюда, Анарбаева Сумая 3-орунду ээлеп кайтышкан. 14-15-мартта тогуз коргоол боюнча Өзгөндө өткөрүлгөн ачык биринчиликте биздин балдар, кыздар байгелүү орундарды камсыздап келишкен. 1-марттагы тогуз-коргоол боюнча Ош облусунун биринчилигинде Аматаева Жасмина биринчи, Арапбаева Аима 2-орунга чыгышкан. 28-март күнү жеңил атлетика боюнча Ош облусунун жазгы кросс боюнча биринчилигинде 1000 метр аралыкка чуркоодо Абдылдаева Аделя менен 2000 метр аралыкка чуркоодо Дуйшөбаева Арууке 1-орун, 3000 метр аралыкка чуркоодо Акматалиев Үсөн 3-орунга чыгышкан. 17-18-апрель күндөрү женил атлетика боюнча болуп өткөн Ош облусунун биринчилигинде балдарыбыздын жана кыздарыбыздын командалары 1-орунду ээлеп кайтышкан. 1-майдагы Ноокат районунун биринчилигинде Эргешов Гамза 3-орунга чыккан. 25-26-майда өткөн женил атлетика боюнча З.Хабибуллаевдин байгесинде Абдылдаева Аделя, Шакирова Аяна, К.Асанов, Э.Адиев, Р.Мурзаев, Э.Баатыров экинчи, Дүйшөнова Бурулай 3-орунду ээлеп кайтышкан.

- Республикалык жана эл аралык мелдештерге катышкан улан-кыздардын ысымдарын атап өтсөңүз?

-2026-жылдын 10-12-апрель күндөрү өткөн грек-рим күрөшү боюнча Ош облусунун биринчилигинде Бектурсунов Байгелди экинчи, Үмүтбеков Аяз 3-орунду ээлеп кайтышты. 29-30-апрель күндөрү өткөн грекрим күрөшү боюнча А.Камбаралиевдин жаркын элесине арналган эл аралык турнирде А.Орозали уулу менен Бектурсунов Байгелди I, Жетимимшов Улукман менен Кадырмамат уулу Нургелди II, Акмурзаев Арноо III орунду камсыз кылышты. 7-8-9-май күндөрү Манас шаарында өткөн Т.Тайгараевдин жаркын элесине арналган грекрим күрөшү боюнча эл аралык мелдеште Камалдинов Азат 1-орунду ээлеп келди.

Быйылкы жылдын 27-28-февраль күндөрү Бишкек шаарында болуп өткөн женил атлетика боюнча Кыргыз Республикасынын ачык биринчилигинде Абдылдаева Аделя 200 метр аралыкта чуркоодо 1-орунду ээлеп кайткан. 26-28-март күндөрү грекрим күрөшү боюнча өткөн Кыргыз Республикасынын биринчилигинде Таабалдыев Нурдөөлөт 3-орунду камсыздап келди. 27-29-мартта Бишкек шаарында болуп өткөн тогуз коргоол боюнча Кыргыз Республикасынын биринчилигинде Аматайева Жасмина 2-орунга чыккан. 3-4-апрелде жеңил атлетика боюнча өлкөбүздүн биринчилигинде Абдылдаева Аделя 1-орун, Дүйшөева Бурулай 3-орунду камсыздап келишти. 22-29-июнь күнү Манас шаарында өткөн «Мен Чемпионмун» мелдешинде женил атлетика боюнча Абдылдаева Аделя 1-орун, А. Абытова 3-орун, Шакирова Аяна 4-орунга чыгышты. Бул мелдеште волейбол боюнча Камбаров Арген 1-орунду, футбол боюнча Сапаралиев Асанали «Мыкты чабуулчу» номинациясын алып кайтты. Грек-рим күрөшү боюнча Абдазов Актан менен Алымкулов Ислам 5-орунга чыгышкан.

-Эмки сөз Алайдын атын алыска чыгарган улан-кыздарды тарбиялап жаткан машыктыруучулар тууралуу болсун?

— Спорттогу ийгиликтин артында машыктыруучунун талыкпаган эмгеги турат. Машыктыруучу — баланын спорттук жөндөмүн ачып, аны тартипке, чыдамкайлыкка жана жеңишке умтулууга үйрөткөн адам. Биз үчүн спортчунун медаль алышы гана эмес, анын тартиптүү, жоопкерчиликтүү, мекенчил инсан болуп калыптанышы да маанилүү. Машыктыруучуларыбыз балдар менен үзгүлтүксүз иш алып барып, алардын физикалык даярдыгын, оюн тактикасын жана спорттук чеберчилигин жогорулатууга аракет кылышат.

Спорт мектебинин жамааты алдыга койгон максаттарды ишке ашыруу үчүн бир команда болуп иштеп келет. Албетте, жетишкендиктерибизде машыктыруучулардын эмгеги, ата-энелердин колдоосу жана жаш спортчулардын тынымсыз аракети чоң роль ойнойт.

Алай райондук балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинде жаш спортчуларды даярдоого өз салымын кошуп келе жаткан тажрыйбалуу адистерибиз бар. Алардын катарында грек-рим күрөшү боюнча машыктыруучу Эсенали Назарбаевич Масаковдун эмгегин өзгөчө белгилеп кетүүгө болот. Ал Кыргыз Республикасынын грек-рим күрөшү боюнча эмгек сиңирген машыктыруучусу, Алай районундагы грек-рим күрөшүнүн негиздөөчүсү, дене тарбиянын отличниги, Алай районунун ардактуу атуулу. Анын колунан тарбияланган балдар Азия жана дүйнө чемпионаттарында ийгиликтерди жаратып келишет.

2018-жылы Индияда өткөн Азия чемпионатында күмүш, 2022-жылы алтын медалдын ээси, 2025-жылы Дүйнө чемпионатынын катышуучусу, эл аралык класстагы спорттун чебери Назарбаев Бексултан бизде грек-рим күрөшү боюнча машыктыруучу.

Улуттук күрөш боюнча спорттун чебери, Кыргызстандын 7, Орто Азиянын 3 жолку чемпиону, “Эл агартуунун мыктысы” Мурзаев Туратбек эркин күрөш боюнча машыктыруучу. Ал тарбиялаган Сазанова Дильназ, Шамиева Айдана сыяктуу окуучулары Кыргызстандын намысын коргоп жүргөн спортсмендер.





Биздин милдет —машыктыруучулардын эмгегин баалоо, кесиптик деңгээлин жогорулатууга шарт түзүү жана жаш муунга тажрыйбасын өткөрүп берүүсүнө көмөктөшүү. Анткени алардын ийгилиги — анын тарбиялаган спортчуларынын жетишкендиги менен өлчөнөт.

Ыңгайы келип турганда бир кеэде биздин спорттук мектептен тарбияланып, азыр Кыргызстандын намысын коргоп келе жаткан улан, кыздарыбыздын ысымдарын атап өтпөсөм болбойт. Алар Ташболот уулу Нуржигит, Сыргабай уулу Нурболот, Максатбек уулу Ырыскелди, Назарбаев Бексултан, Абдазов Актан, Алымбек уулу Артыкбек [Азиз], Мурзакулов Элдар. Биздин балбандар өлкөбүздөн намысын Азия чемпионаттарында грек рим күрөшү боюнча коргоп, ири ийгиликке жетишкендигин далай жолу күбө болдук. Сазанова Дильназ- кыз-келиндер күрөшү боюнча республикада атагы чыккан балбан. Ал Азия чемпионатында бир нече жолу күмүш, коло медалдарды тагынган. Сыргабай уулу Нурболот, Максатбек уулу Ырыскелди, Назарбаев Бексултандар болсо дүйнө чемпионатына катышып, алдыңкы орундарды камсыздап жүргөн, жаштардын үлгү туткан өлкөбүздүн белдүү спортсмендери.

-Маегиңиз үчүн чоң рахмат. Ишиңиздерде ийгилик жылоолой берсин!

Маектешкен:
Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.

МИНИСТЕРСТВО ВОДНЫХ РЕСУРСОВ, СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА И ПЕРЕРАБАТЫВАЮЩЕЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ (АРИС) ЦЕНТР КОНКУРЕНТОСПОСОБНОСТИ АГРОБИЗНЕСА (ЦКА)

Приглашение к участию

Центр конкурентоспособности агробизнеса (ЦКА) приглашает принять участие в открытом предварительном отборе заявок на предоставление инвестиционной помощи на грантовой основе в виде товаров, работ и услуг органам местного самоуправления, местным сообществам, муниципальным и государственным учреждениям, а также иным предприятиям и учреждениям, находящимся в ведении Министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики.

Инвестиционная помощь на грантовой основе предоставляется в целях восстановления и развития общественной инфраструктуры, включая приобретение сельскохозяйственной техники и оборудования, имеющих ключевое значение для функционирования и развития выбранных цепочек добавленной стоимости, а также для оказания технической помощи и проведения обучающих мероприятий для участников продуктивных партнерств.

В конкурсном отборе могут принять участие органы местного самоуправления, местные сообщества, муниципальные и государственные учреждения, а также иные предприятия и учреждения, находящиеся в ведении Министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики, на территории которых созданы и функционируют продуктивные партнерства в рамках проекта.

Отбор проводится в рамках реализации проекта Всемирного банка «Региональное экономическое развитие» (ПРЭР) в Ошской области и городе Ош.

Дата и время начало приёма заявок: «20» октября 2026 г. (с 9:00 ч/м).

Дата и время окончания приёма заявок: «31» декабря 2026 г. (до 17:30 ч/м).

Общие сведения о Проекте и Компоненте 2 (Продуктивные партнерства).

Целью проекта является оказание поддержки Получателю в усилении регионального экономического развития путем целенаправленных вмешательств в выбранных секторах в Ошской области и г. Ош.

В рамках Компонента 2 ПРЭР предусматриваются мероприятия по усилению цепочек добавленной стоимости, что будет способствовать развитию партнерских отношений между сельскохозяйственными предприятиями и малыми сельскохозяйственными производителями для финансирования целевых инвестиций подпроектов, которые улучшат качество и увеличат объемы производства / переработки.

Проект будет использовать подход по развитию цепочки добавленной стоимости, способствуя развитию продуктивных партнерских отношений на основе спроса в ходе реализации. Продуктивные партнерства будут охватывать несколько групп производителей в одной и той же цепочке добавленной стоимости, в том числе фермеров, сборщиков, переработчиков, торговцев и экспортеров. Каждое партнерство будет регулироваться рамочным соглашением и подписываться ведущей группой производителей и покупателем/агрегатором или перерабатывающим предприятием и другими соответствующими участниками.

В рамках ПРЭР будет оказана поддержка всем цепочкам животноводческой и растениеводческой отрасли Ошской области и города Ош, в зависимости от анализа цепочки добавленной стоимости, который должен проводиться в начале проекта, и который способствует конкурентоспособности и экспортной ориентации в ЦДС. Возможные приоритетные ЦДС:

- молочная продукция (все виды молока – коровье, овечье, козье, кобылье),
- красное мясо и мясная продукция,
- шерсть (мериносной овцы, шерсть и пух яков),
- птицеводство
- мед и продукция пчеловодства.
- плодоводство: семечковые, косточковые
- ягодные культуры
- зернобобовые, кормовые культуры
- масличные культуры
- шелководство
- овощи и бахчевые
- хлопководство
- органическое сельскохозяйственное производство в сфере растениеводства и животноводства
- и другие, приемлемые направления в рамках создания ЦДС

Приемлемые кандидаты:

Участниками конкурса могут быть: все виды организаций и индивидуальных предпринимателей с соответствующей юридической регистрацией, работающие в отдельных сферах сельского хозяйства и пищевой промышленности в Ошской области и города Ош, включающие: индивидуальных предпринимателей, различных видов кооперативов, фермерских групп, ОсОО, ассоциаций и союзов, а также других организаций, за исключением неправительственных организаций и фондов.

Направления целевого инвестирования:

1. Сорта с доказанной высокой урожайностью и другими желательными характеристиками

2. Новое оборудование (технологическое оборудование, а также тракторы), включая производство и переработку, послеуборочную обработку и обработку, хранение и обслуживание, лабораторию (включая передвижные и специальные машины и оборудование), упаковку и сортировку, контроль качества, оборудование технических линий для повышения качества продукции и увеличения объемов;

3. Оборудование для технологического переоснащения, имеющегося (старого) оборудования;

4. Внедрение системы менеджмента безопасности пищевых продуктов, включая внедрение всех этапов (обучение, внедрение систем (HACCP, ISO, органическое производство, все виды передовой практики, другая соответствующая техническая поддержка и т. д.));

5. Получение местных и международных сертификатов, утвержденных международными организациями.

6. Закупка услуг по маркетингу и брендингу (включая разработку товарного знака и дизайна продукта (а также упаковки) и др.);

7. Техническая помощь и обучение для производителей и других услуг по обеспечению качества, борьбе с вредителями и болезнями и улучшению безопасности пищевых продуктов.

8. Предоставление инвестиционной помощи в виде товаров, услуг на грантовой основе органам местного самоуправления, местным сообществам, айыл окмоту, муниципальным и государственным учреждениям, иным предприятиям и учреждениям, находящихся в ведении Министерства сельского, водного хозяйства и развития регионов Кыргызской Республики для восстановления общественной инфраструктуры, имеющей решающее значение для функционирования выбранных цепочек добавленной стоимости.

Продуктивное партнерство будет определять инвестиционную программу и последовательность реализации мероприятий будет определяться конкретным предложением о партнерстве.

Прием заявок и консультации по адресу:

Региональный офис Центр конкурентоспособности агробизнеса (ЦКА) г. Ош

г. Ош, ул. Масалиева, 73, 3 этаж, каб, 21

Тел: +996 (770) 817 817,

E-mail: abdibaliev@agromarket.kg копия: esenaliev@agromarket.kg

Россия Федерациясынан накталай акчаны жана куйма түрүндөгү алтынды алып чыгуу тартиби боюнча эскертме

Россия Федерациясынын Президентинин 2026-жылдын 25-мартындагы № 193 Жарлыгына ылайык, физикалык жактарга Россиядан Кыргызстанга 1 миллион рублдан ашык, ал эми юридикалык жактарга жана жеке ишкерлерге акча каражаттын өлчөмүнө карабастан накталай акчаны (рубль) алып чыгууга тыюу салынат.

Ошол эле учурда, юридикалык жактарга жана жеке ишкерлерге томөндөгү учурларда акчаны алып чыгууга уруксат берилет:

- айрым эл аралык аэропорттор аркылуу акчаны Россиянын банктарындагы эсептен алынгандыгын тастыктаган документтер болсо;
- валютаны ташуу эл аралык ташуулардын алкагында жөнөтүү пункту жана баруучу пункту да Россиянын аймагынан тышкары жайгашкан учурда жана аталган валютанын Россияга алып келингендиги ырастасалса.

Бул чектөө бузулган учурда, жеке жактардан 1 миллион рублдан ашык бөлүгү, ал эми юридикалык жактардан жана жеке ишкерлерден алып чыгып жаткан накталай акчалар толук көлөмдө конфискацияланат.

Мындан тышкары, жеке жана юридикалык жактарга, ошондой эле жеке ишкерлерге Россия Федерациясынын аймагынан жалпы салмагы 100 граммдан ашкан куйма түрүндөгү алтынды (аффинаждалган) алып чыгууга тыюу салынат.

Бул чектөө куйма түрүндөгү алтынды Россия Федерациясынын мамлекеттик чек арасы аркылуу Москва шаарындагы «Внуково», «Домодедово», «Шереметьево» жана Владивосток шаарындагы «Кневичи» эл аралык аэропортторунун аба өткөрмө пункттары аркылуу алып чыгууда, Федералдык пробирдик палатасынын тиешелүү корутундусу (уруксат берүүчү документи) болгон учурда колдонулбайт.

Өкүлчүлүк накталай акча каражаттарын жана куйма түрүндөгү алтынды алып чыгууну пландагандарга жогоруда көрсөтүлгөн талаптарды эске алууну сунуштайт.

Ошондой эле, Өкүлчүлүк 2027-жылдын январынан тартып Россия Федерациясынын мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөр күчүнө киргенин, алар менен эмгек мигранттынын жана анын Россияда жүргөн үй-бүлө мүчөлөрүнүн жашоо минимумунан төмөн эмес деңгээлде кирешелерди текшерүү каралаарын маалымдайт.

Бул өзгөрүүлөргө ылайык, ишкердик иш менен байланышпаган жеке муктаждыктарын камсыз кылуу үчүн жеке жактарда иштеген чет өлкөлүк жарандар өздөрү үчүн жана Россияда жашаган шартта үй-бүлө мүчөлөрү (жубайы, балдары) үчүн аванстык төлөмдү (жеке жак) төлөөгө милдеттүү.

Өзүнө жана үй-бүлө мүчөлөрүнө жашоо минимумунан төмөн кирешенин болушу эмгек/жарандык-укуктук келишимдин колдонулушун токтотуу жана Россия Федерациясында жүрүү мөөнөтүн кыскартуу жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн негиз болуп саналат.

Маанилүү! Терс кесепеттерди болтурбоо үчүн эмгек келишими же кызмат көрсөтүү жөнүндө келишимди түзүүдө иш берүүчүдөн эмгек акынын чыныгы суммасын көрсөтүүнү талап кылуу сунушталат — ал чет өлкөлүк кызматкердин ар бир үй-бүлө мүчөсүнө региондук жашоо минимумунан төмөн болбоого тийиш.

Суроолор боюнча КРнын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Россия Федерациясындагы Өкүлчүлүгүнө төмөнкү дарек боюнча кайрылса болот: Москва ш., Малая Полянка көч., 7-үй, корп. 5, (метро Полянка). тел.: +7 996 968 98 97.

БИЛДИРҮҮ

Ош облустук аймактык адвокатурасынын жалпы чогулушу 2026-жылдын 28-ноябрында саат 10:00 дө өткөрүлө тургандыгын билдиребиз.

Жалпы чогулуштун күн тартибиндеги маселелерин кароо үчүн адвокатуранын мүчөлөрүнүн белгиленген убакытта катышуусу зарыл.

Дареги: Ош МУнун башкы корпусунун залы. Алымбек датка 331. Конференция өтүүчү зал -201.

Жараксыз деп табылсын

Жаанбаев Бектур Оморжановичке таандык Китай 2 тараптуу 9326 жана 13613 номерлүү уруксат кагазы (дазвол) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

ОшМУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин ВПО 210135561, ВПО 210135562, ВПО 210135563, ВПО 210119301, ВПО 210119302, ВПО 210119303, ВПО 210136792, ВПО 210114177, ВПО 210114178, ВПО 210133584, ВПО 2009841 сандуу 11 даана академиялык маалымкаттар жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясый гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү:
Н. Өмүрзакова

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7-13-34,** Жооптуу катчы: **7-10-02**
Жарнак бөлүмү: **7-11-31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезиттеги спорттук материалдар КР Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин медиа чөйрөдөгү мамлекеттик социалдык заказынын алкагында даярдалды

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г. Көлөмү А3 - 2 басма табак.
Тел: 0 (312) 53-00-00.

Буюртма №:1174 **Нускасы: 2300**

ТАРЫХЫ ТЕРЕҢ ӨЗГӨНДҮН ШААР КҮНҮ КУТ БОЛСУН!

2026-жылдын 20-октябрында байыркы тарыхы бар Өзгөн шаарында Шаар күнүнө арналган майрамдык иш-чара болуп өттү.

Майрамдык салтанатка Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Мирлан Орозбаев, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Каныбек Апбасов, Өзгөн шаарынын мэри Нурланбек Саипбаев баш болгон облустук жана райондук мекеме-ишканалардын жетекчилери, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, билим берүү кызматкерлери, ардактуу аксакалдар, жигердүү жаштар жана шаар тургундары катышышты.



Салтанаттуу иш-чарада Мирлан Орозбаев сөз сүйлөп, Өзгөн шаары — Ош облусунун гана эмес, бүтүндөй республиканын тарыхый-маданий борборлорунун бири экенин өзгөчө белгилеп өттү. Ошондой эле акыркы жылдары шаарда жүргүзүлүп жаткан көрктөндүрүү, жол инфраструктурасын жакшыртуу жана социалдык объекттердин курулуштары боюнча аткарылган иштерге токтолуп, Өзгөн элине тынчтык, ынтымак жана өнүгүү каалады.

Салтанат шаардын борбордук аянтында башталып, майрамдык



парад жана жергиликтүү өнөрпоздордун даярдаган концерттик программасы менен коштолду.

Шаар жетекчилери куттуктоо сөз сүйлөп, Өзгөн шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, инфраструктурасынын жакшырышына кошкон салымы үчүн бир катар эмгек сиңирген инсандарга жана жигердүү жаштарга ыраазычылык каттарды, сыйлыктарды тапшырышты.

«Өзгөн — бул жөн гана шаар эмес, бул кылымдарды карыткан тарыхы бар, эли ынтымактуу, маданияты бай өзгөчө аймак. Шаарыбыз жылдан жылга көрктөнүп, жашоого ыңгайлуу шарттар түзүлүп жатканы баарыбызды кубантат», — деп белгиледи район аким Каныбек Апбасов.

«Дилгир Өзгөн» бала бакчасынын ачылышы

Майрамдык иш-чаранын жүрүшүндө «Дилгир Өзгөн» аталыштагы 100 орундуу мектепке чейинки билим берүү мекемеси салтанаттуу түрдө пайдаланууга берилди. Бул жаңы бала бакча наристелердин сапаттуу билим алуусуна, туура тарбияланышына жана ар тараптуу өнүгүүсүнө эң сонун мүмкүнчүлүк түзүп, ата-энелер үчүн да маанилүү социалдык колдоо болуп калды.

Шаар мэри Нурланбек Саипбаев өз сөзүндө, билим берүү тармагында шаар үчүн маанилүү болгон бир катар капиталдык курулуш долбоорлору ишке ашырылып жаткандыгын баса белгиледи.

Маалыматка ылайык, Курманжан датка атындагы мектептин аймагында 100 орундуу бала бакчанын курулушу толук бүткөрүлүп, пайдаланууга берилди. Бабур атындагы мектепке жаңы спорт зал, Ленин атындагы мектептин аймагында 100 орундуу бала бакча курулду.

Дем берүүчү грант аркылуу Ленин атындагы мектептин жылытуу системасы капиталдык оңдоодон өткөрүлгөн. Ай-Шооласы мектепке чейинки билим берүү мекемесинин чатыры жана пол, эшик терезелери алмаштырылган.

Жергиликтүү бюджеттин эсебинен Амур Темур мектебине кичи футбол аянтчасы курулду. Жаңы-Өзгөн жана Төрт көчө кварталдарына балдар ойноочу аянтчалар, Манас көчөсүндө тротуар аллея курулуп жатат.

Шаарды туруктуу өнүктүрүүгө багытталып жатат

Өзгөн шаарын туруктуу өнүктүрүү максатында Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасы менен Өзгөн шаардык мэриясынын ортосунда келишим түзүлгөн. Учурда техникалык тапшырмаларды иштеп чыгуу жана баштапкы маалыматтарды топтоо жумуштары жүргүзүлүп жатат.

Бул багытта эксперттердин тобу жергиликтүү тургундар, ишкерлер жана жумушчу топтун мүчөлөрү менен жолугушуулар өткөрүлдү. Жолугушуунун жүрүшүндө Өзгөн шаарын мындан ары өнүктүрүү, шаардык инфраструктураны жакшыртуу, жашоочулар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү жана шаардын келечектеги өнүгүү багыттарын аныктоо маселелери тууралуу сөз болду.



Таза суу менен камсыздоо ишке ашууда

«Өзгөн Таза Суу» муниципалдык ишканасы шаар калкын сапаттуу ичүүчү суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу, саркынды суу инфраструктурасын өнүктүрүү боюнча кызмат көрсөтүүдө.

Европа Биримдиги, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы жана Европа инвестициялык банкы тарабынан каржыланып жаткан жалпы наркы 10 млн евролук долбоордун алкагында



таза суу жана саркынды суу тармактарын жаңылоо иштери улантылып жатат.

Үч дөбө кварталынын бир катар көчөлөрүндө эски суу түтүкчөлөр жаңы суу түтүкчөлөргө алмаштырылды. Бүгүнкү күнгө карата негизги суу өтмө боюнча 41 чакырым таза суу түтүгү толугу менен жаңыланып, 1600 кожолукка 1600 даана суу эсептегич орнотулду.

Шаар аймагына жалпы 67,1 чакырымга таза суу түтүкчөлүрү, 30,0 чакырымга саркынды суу түтүктөрү жаткырылды. «Суу булактарын жакшыртуу» жумуштарынын алкагында 5 даана жаңы скважина насостору орнотулду. «Башкы суу алгыч жайы» участогуна кубаттуулугу саатына 160 м3 болгон 4 даана насос, «Пайзобад» участкасына кубаттуулугу саатына 46 м3 болгон 1 даана насос орнотулду. Ошондой эле, Пайзабад, Ором, Жаңы-Өзгөн участкаларында кубаттуулугу саатына 40 м3 болгон сууну дезинфекциялоочу 6 даана бактерициддик жабдуулар курулду.

Саркынды сууларды тазалоочу станция ишке берилди. Бүгүнкү күндө саркынды суу системасына У.Салиева көчөсүнөн 50 түтүн жана Бахмал участкасынан 25 түтүн, социалдык обьекттерден 4 мектеп, 5 бала бакча жана көп кабаттуу үйлөр туташтырылды.

Элдик майрам жана маданий программа

Шаар күнүнө арналган майрамдык программа эртең менен башталып, күн кечке чейин улантылды. Иш-чаранын алкагында Элди тейлөө борборунун курулушуна капсула салынды. Анын чектеринде Өзгөн шаарынын бюджетине киреше алып келүүчү муниципалдык тейлөө борборун куруу мерчемделип жатат.

Маалыматка ылайык, Өзгөн шаарында 970 батирлүү жаны турак-жай комплекси курулууда. Экологиялык туруктуулукту камсыз кылуу жана шаарды жашылдандыруу максатында «Жашыл Мурас» улуттук өнөктүгүнүн алкагында 1100 даана ийне жалбыракту жана жазы жалбыракту көчөттөрдү отургузуу иштери жүргүзүлдү.

Жаштарды дени сак жашоого үндөө, спортко тартуу максатында кичи футбол аянтчасы курулду, “Достук” спорт клубу реконструкцияланып, пайдаланууга берилди.

Майрамдык иш-чаранын алкагында жаш муундарды спортко шыктандыруу максатында түрдүү спорттук оюндар уюштурулуп, жеңүүчүлөргө дипломдор жана баалуу белектер тапшырылды. Ордо, күрөш, шахмат жана башка улуттук, заманбап спорттук оюндар боюнча мелдештер өткөрүлдү.

Майрамдын шаңы менен шаар тургундарына жана меймандарга Өзгөндүн башкы бренддеринин бири болгон девзира күрүчүнөн 1 тонна 200 килограмм аш демделип, сый-урмат менен таратылды.

Борбордук стадиондо кол өнөрчүлөрдүн, дыйкандардын, билим берүү жана маданият мекемелеринин эмгектери коюлган көргөзмө-жарманке өттү. Өзгөндүк чеберлердин колунан чыккан улуттук буюмдар, саймалар жана жыгачтан жасалган эмгектер көпчүлүктүн купулуна толду.

Жамы журтка майрамдык маанай тартуулаган Шаар күнү кечинде белгилүү жылдыздардын катышуусундагы шандуу гала-концерт жана майрамдык фейерверк менен жыйынтыкталды.

Өзгөндүн турпаты- сулуу, турпагы- алтын

Өзгөн — тарыхы терең, маданияты бай, келечеги кең, куттуу шаар. Ар бир деми тарыхка бай, ар бир күнү өтмүштүн үнүн кастарлап сактаган касиеттүү Өзгөндүн шаар күнү кут болсун!

Өзгөн — кылымдарды карыткан тарыхый мурасы, меймандос эли жана кайталангыс каада-салты менен Ош облусунун гана эмес, бүтүндөй өлкөбүздүн сыймыгы. Шаардын жылдан-жылга көрктөнүп, социалдык-экономикалык жактан өнүгүп, заманбап инфраструктуралык долбоорлордун ишке ашырылып жатканы — ар бир тургундун эмгеги жана ынтымагы.

Байыркы Өзгөн калаанын Шаар күнүндө элдин ынтымагы, улуттук баалуулуктары даңазаланды. Шаар күнүн жогорку деңгээлде уюштурган жергиликтүү бийлик өкүлдөрү Каныбек Сагынбаевичке жана Нурланбек Жаныбековичке терең ыраазычылык. Өзгөн өрөөнүн өнүктүрүүгө белсенген демилгелүү ишаракеттерине ийгилик!

Өзгөн өрөөнүнүн көркүнө көрк кошулсун, өркүндөп өссүн. Башкысы, элдин жашоо-турмушу жакшырсын, ынтымак менен тынчтыкты түнөтсүн, ар дайым биримдик жана береке болсун.

Берекелүү Өзгөн шаары өнүгүп-өсүп, ар дайым тынчтыктын, биримдиктин жана өнүгүүнүн куттуу очогу болуп кала берсин.

Өзгөндүн шаар күнү улуттук нарк-насилди даңазалаган жана өрөөндүн өнүгүү жолун көрсөткөн маанилүү майрам катары белгиленди.

Бетти даярдаган:
А.САПАРБАЕВА.